# 1. Ч.Айтматовдун «Эрте келген турналар» деген белгилүү повестинде кайсы мезгилдеги окуялар сүрөттөлөт?

A) Октябрь төңкөрүшүнүн учурундагы

B) колхоздоштуруу учурундагы

C) Улуу Ата Мекендик согуш учурундагы

D) 60-жылдардагы космосту өздөштүргөн мезгил

**2. Ч.Айтматовдун «Эрте келген турналар» повестинде Ак – Сай кош айдоо үчүн эрте жазда жөнөп жаткан балдардын тобу повестте эмне деген ат менен берилет?**

A) «Ак – Сай  командасы»

B) «Ак – Сай тобу»

C) «Ак – Сай  десанты»

D) «Ак – Сай бригадасы»

**3. Ч.Айтматовдун «Эрте келген турналар» повестинде Султанмурат менен кимдин ортосундагы аруу, таза мамиле баяндалат?**

A) Султанмурат менен Жамийланын

B) Султанмурат менен Сейденин

C) Султанмурат менен Аселдин

D) Султанмурат менен Мырзагүлдүн

**4. Ч.Айтматовдун «Эрте келген турналар» повестинде «Ак – Сай десанты» болуп, кош айдоого жөнөп келишкен беш бала кимдер эле?**

A) Султанмурат, Анатай, Акмат, Керим, Эркинбек

B) Султанмурат, Жолдош, Анатай, Эргеш, Нурбек

C) Султанмурат, Эркинбек, Нурлан, Самат, Мырзабек

D) Султанмурат, Анатай, Эркинбек, Кубаткул, Эргеш

**5. Ч.Айтматовдун «Эрте келген турналар» повестинде балдар эмне үчүн сабактарын токтотушуп, Ак – Сайга кош айдоого кетип жатышат?**

A) аталары, агалары согушка кетип, кош айдай турган эч ким болбогондуктан улам

B) кош айдоону өздөрү өтө жакшы көргөндүктөн улам

C) кош айдоону үйрөнүп алалы деген ойдон улам

D) Ак – Сайдагы аталарына, агаларына жардам берели деген ойдон улам

**6. Ч.Айтматовдун «Эрте келген турналар» повестинин эң соңу кандай окуя менен бүтөт?**

A) Мырзагүл баштаган кыздардын балдарга тамак – аш алып келүүсү менен

B) колхоздун башкармасы Тыналиевдин келип, балдарга алкыш жарыялоосу менен

C) балдардын өз каалоолору менен майрамга жөнөп кетүүлөрү менен

D) ат уурулардын артынан кууп бараткан Султанмураттын Чабдарына ок тийип, карышкыр экөөнүн бетме – бет турушу менен

**7. Т.Сыдыкбековдун «Акылман куудул» повестинде элге кеңири кайсы куудул жөнүндө сөз болот?**

A) Куйручук

B) Кудайназар

C) Кудайберди

D) Каныбек

**8. А.Токомбаевдин «Жараланган жүрөк» повестиндеги башкы каарман Бектурган карыя кайсы доордо жашаган адам?**

A) Орхон – Энесай доорунда

B) Октябрь революциясына чейин

C) Чыңгызхандын чабуулундагы орто кылым учурунда

D) Октябрь революциясына чейинки жана кийинки доордо

**9. А.Токомбаевдин «Жараланган жүрөк» повестиндеги кайсы каарман көз жумган соң, Бектурган карыя ал каармандын баласын багып алат?**

A) Айдайдын

B) Айнагүлдүн

C) Айнаштын

D) Айшанын

**10. А.Токомбаевдин «Жараланган жүрөк» повестиндеги муундар байланышы кайсы каармандардын образдары аркылуу берилген?**

A) Бектурган – Бөкөнчүнүн

B) Бектурган – Айшанын

C) Бектурган – Супа молдонун

D) Бектурган – Өмүрбек, Табылдынын

**11. Т.Сыдыкбековдун балдарга арналып жазылган, элге кеңири белгилүү кайсы чыгармасын билесиңер?**

A) «Кычан»

B) «Жетим менен сыйкырчы»

C) «Атадан калган туяк»

D) «Тоо балдары»

**12. Ч. Айтматовдун «Эрте келген турналар» повестинде кайсы тарыхый мезгил сүрөттөлөт?**

A) төнкөрүш мезгили

B) колхоздоштуруу мезгили

C) согуш мезгили

D) согуштан кийинки мезгил

**13. А. Осмонов «Толубайдай сынчы бол, Токтогулдай ырчы бол» – деген элдик макалга байланыштуу кандай чыгарма жараткан?**

A) «Токогулдун ырчылыгы»

B) «Чоң уста»

C) «Толубай сынчы»

D) «Өнөр алды кызыл тил»

**14. «Эрте келген турналар» повестиндеги Султанмураттын минип жүргөн атынын аты?**

A) Чоңтору

B) Чабдар

C) Чалкуйрук

D) Телтору

**15. Т.Сыдыкбековдун балдарга арналып жазылган, элге кеңири белгилүү кайсы чыгармасын билесиңер?**

A) «Кычан»

B) «Жетим менен сыйкырчы»

C) «Атадан калган туяк»

D) «Тоо балдары»

**16. А.Осмонов кайсы чыгармасында жумушчу менен акындын жасаган жумушун катар коюп, ырга кошот?**

A) «ФЗОдогу иниме» деген ырында

B) «Жумушчунун мүнөзү» деген ырында

C) «Плотник» деген ырында

D) «Жумушчу» деген ырында

**17. Дартка чалдыккан акындын абалы жана чыгармачылык менен өлүм жөнүндө А.Осмонов кайсы чыгармасында баяндайт?**

A) «Кыздын сүрү»

B) «Кыргыз тоолору»

C) «Оорулуу акын»

D) «Кош айдоо»

## 18. А.Осмоновдун сүрөттөөсүндө маляр кандай адам?

A) булганыч, кир жүргөн адам

B) баштаган ишин бүтүрбөгөн жалкоо адам

C) бул дүйнөнүн тазасынын тазасы, асылынын асылы

D) көздөгөнүн бербеген кежир, мүнөзү чатак адам

**19. Ш.Руставелинин «Жолборс терисин жамынган баатыр» поэмасынын кыргыз тилиндеги эң сонун котормосун берген ким?**

A) А.Токомбаев

B) Ж.Мамытов

C) Т.Үмөталиев

D) А.Осмонов

**20. А.Осмоновдун кайсы чыгармасынан?**
**«А быйыл … күн жылыбайт, жер тегиз кар,**
**Шумдук ай, неге мынча жаз кечигет?»**

A) «Кечиккен жаз»

B) «Кечигүү»

C) «Неге кечигет»

D) «Жай кечигет»

**21. «Ошончолук көп шириндин ичинен,**
**Атасы үчүн андай ширин жок эле» - А. Осмоновдун кайсы ырынан?**

A) «Коштошуу»

B) «Адамзат»

C) «Бөбөккө»

D) «Өзүмдү өзүм»

**22. А.Осмонов В.Шекспирдин кайсы чыгармасын которгон?**

A) «Гамлет»

B) «Отелло»

C) «Король Лир»

D) «Кышкы жомок»

**23. А.Осмонов кайсы орус акынынын өмүрүнө арналган китепти которгон?**

A) М.Горькийдин

B) М.Светловдун

C) К.Чуйковскийдин

D) А.Пушкиндин

## 24. А.Осмонов канча жашында дүйнөдөн кайтат?

A) 30 жаш

B) 35 жаш

C) 40 жаш

D) 45 жаш

**25. А.Осмоновдун кайсы чыгармасынан?**
**«Мен билгенден бир кедейдин чаар аты бар, ошону алып келгиле…»**

A) «Жеңишбек»

B) «Ким болду экен?»

C) «Толубай сынчы»

D) «Мырза уул»

**26. А.Осмонов өз өмүрүнүн көпчүлүк учурун кайсы жерде өткөрөт?**

A) Ошто

B) Таласта

C) Көлдө

D) Нарында

**27. Ч.Айтматовдун кайсы чыгармасы Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыкка арзыган?**

A) «Жамийла»

B) «Эрте келген турналар»

C) «Бетме  бет»

D) «Ак кеме»

**28. Ч.Айтматов кайсы чыгармасында Инкамал апанын образын түзгөн?**

A) «Фудзиямадагы кадыр түн»

B) «Кылым карытар бир күн»

C) «Эрте келген турналар»

D) «Кыямат»

**29. «Токточу өмүр, токточу өмүр, токтой тур!» - деген ыр саптары кайсы акынга таандык?**

A) А.Токомбаевге

B) М.Элебаевге

C) А.Осмоновго

D) К.Тыныстановго

# Жооптору:

1 – C
2 – C
3 – D
4 – D
5 – A
6 – D
7 – A
8 – D

9 – D
10 – D
11 – D
12 – C
13 – C
14 – B
15 – D
16 – D

17 – C
18 – C
19 – D
20 – C
21 – C
22 – B
23 – D
24 – B

25 – C
26 – C
27 – B
28 – C
29 – C